Транспорттор негизинен жолдун оң жагында жүрүүгө закон кабыл алынган.

Жолдо жүрүүнүн эрежелери:

1. Дайыма тротуар менен же жолдун оң жагы менен жүрүү керек;
2. Эгерде тротуар жок болсо, велосипеддер жүрүүчү жол менен басуу керек;
3. Жолдон өтөөрдө жөө адамдар өтүүчү белгиленген жол менен өткүлө;
4. Эгерде жолдо белгиленген белги болсо, түз кесип, биринчи сол жагыңды карап, анан оң жагыңды карап, тез өтүш керек;
5. Ийри-буйру жол болсо көрүнүшү 100 метрге жеткен аралыктан гана өтүш керек;
6. Жолдон өтүп бара жатып үлгүрбөй калса, жолдун тең ортосуна машина өтүп кеткенче тура тургула;
7. Шаарларда, көп кыймылдуу жерлерге светафорлор коюлат.Светафордун сарысы күйгөндө гана өтүш керек;
8. Жолдон өтөөрдө сөзсүз түрдө жолдо коюлган белгилерге да көңүл буруу керек.

Кайсы жерде болбосун үйдө болобу, мектепте болобу сөзсүз түрдө техникалык коопсуздук эрежелерин да сактоо керек.

Техникалык коопсуздук эрежелери:

1. Кабинетте электр точкаларын өз алдынча пайдаланбоо;
2. Жылыткыч трубаларды катуу нерселер менен чабууга тыюу салынат;
3. Жылыткыч батареялардын үстүн жаппагыла жана үстүнө чыкпагыла;
4. Жылыткыч трубаларынан суу куюп албагыла;
5. Терезелерди чоң ачпагыла жана ачык таштап кетпегиле;
6. Кабинеттеги эшиктерди теппегиле катуу жаппагыла;
7. Учтуу, кесүүчү буюмдарды этияттык менен туура пайдалангыла

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Жолдо жүрүүдө мектепте, үйдө, коомдук жайларда коопсуздук эрежелерин сактоодо дайыма эрежелерди туура, так түшүнүү керек.Жана жатка билүү керек, дайыма өз жашооңордо айтылгандардын баарын колдоно билүү зарыл.

**Сабакты бышыктоо:**

1. Жолдо жүрүүнүн кандай эрежелерин билесиң?
2. Өрт коопсуздугунун эрежелери кандай?
3. Техникалык коопсуздук эрежелерин кандай сактоо керек?
4. Биринчи мед жардамга кандай түшүнөсүнөр? Мисалдар менен түшүндүргүлө.

**Үйгө тапшырма берүү:**

Коопсуздук эрежелерин жаттоо, биринчи мед жардамды үйрөнүү.

Окуучулардын эрежелерин баалоо.